**«БЕКИТЕМИН»**
Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнун
илимий иштер боюнча проректору, э.и.д.,
профессор __________ Атабеков А. К.
«17» 04 2025-ж.

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

**1. Ишке ашыруунун автору:** Ажиматова Элмира Жумабаевна

**2. Илимий жана (же) илимий – техникалык иштин натыйжаларынын изилдөөнүн, илимий – техникалык иштердин аталышы:** Педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү.

**3. Илимий иштин кыскача аннотациясы:** Изилдөөнүн актуалдуулугу заманбап билим берүүнүн талаптарына жооп берген, инновациялык ой жүгүртүүсү өнүккөн, дүйнө таанымы терең, чыгармачыл жана кесиптик компетенттүүлүгү жогору педагог адистерди даярдоо зарылчылыгы менен шартталган. Изилдөөнүн максаты – педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстардын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүүгө багытталган методиканы иштеп чыгуу жана аны окуу процессине киргизүү болуп саналат.

Изилдөөнүн натыйжасында болочок башталгыч класстын мугалимдерин кесиптик математикалык даярдоонун өркүндөтүлгөн методикалык системасы иштелип чыкты, ал окутуунун мазмунун, формаларын жана методдорун оптималдаштырууга багытталган.

**4. Ишке ашыруунун эффектиси:**

Болочок башталгыч класстын мугалимдери үчүн иштелип чыккан дидактикалык шарттар жана инновациялык технологияларды пайдалануу – болочок кесип ээлерине математикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуулугун ишке ашырууга жардам берет.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУнун кесиптик колледжинде 2016-2024-жылдары эксперимент жүргүзүлдү.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** студенттерден анкеталарды, тесттерди алуу менен изилдөө темасына ылайык студенттердин математикалык даярдыгын

сапаттуу мүнөздөө үчүн, баалоонун 4 деңгээлдүү системасында математика курсу шарттуу түрдө үч бөлүккө бөлүндү: биринчи – мектептик математика курсун кайталоо, экинчи – кесиптик математика курсунун негизги түшүнүктөрү, үчүнчү – кесипке багытталган практикалык маселелерди чыгарууда математикалык түшүнүктөрдү колдонуу.

Кесиптик математика курсун окутууда болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууда кеипке багытталган мазмун иштелип чыкты; STEAM технологияларын колдонулду: интерактивдүү сабактарды өткөрүү, долбоордук ишмердүүлүктү уюштуруу, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу, практикага багытталган тапшырмаларды берүү ж.б. каралды. Ишти этаптарга бөлүп, ар бир этаптын аткарылуу мөөнөтүн белгиленип, ар бир этаптагы күтүлүүчү натыйжаларды талдоого алынды. Билимдери модулдук-рейтингдик системада бааланды.

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча Эл аралык жана Республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды.

Комиссиянын төрайымы:
Кесиптик колледждин директору, ф.-м. и. д.-: Ч. Х. Абдуллаева

Комиссиянын мүчөлөрү: Ж. Калыбекова
Д.К.Бабашева
М.М.Анаркулова

Комиссиянын катчысы: К. М. Аббазова

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
НАЧАЛЬНИК ОК
20 г.
ИНН 01031998100027